УДК 78: 78.01

Алыбаева М., Макеева Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# МУЗЫКА – ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ОРТОК ТИЛИ

*Макалада дүйнө жүзүндөгү бардык элдерге эч тоскоолдуксуз, кыйналуусуз, эч котормосуз эне тилин түшүнгөндөй эле түшүнүктүү, жан дүйнөнү эргите турган музыкалык тил жөнүндө айтылат.*

Сан кылымдык тарыхы жана маданий салты бар кыргыздарда элдик өнөрдүн түрдүү кооз үлгүлөрүнүн ичинен оозеки адабият менен элдик музыка кеңири өнүккөн. Бул байыркы ата мурастар абалтан бири-биринин күчү, таасири, керемети аркасында бутакташып, айкалышып өнүккөн. Мындай бирине–бири туташкан поэтикалык – музыкалык өнөр коом өскөн сайын элдердин ар кандай катнаштары, өз ара байланыштары аркасында байып, калыптанып өсө берген.

Кыргыз музыкасынын ар жактуу, көп тармактуу болуп өсүшүнө тектеш тилдеринин тобуна кирген элдердин таасири күчтүү болгон. Алсак, кыргыз эли алтайлыктардын, казактардын, каракалпактардын, түркмөндөрдүн жана башка элдердин адабий-музыкалык маданияттары менен тыгыз байланышта болуп турган. Булардын ичинен кыргыз музыкасы өзүнүн түпкү теги жагынан казактын жана Туштук Сибирде жашаган хакастардын, тувалыктардын жана башкалардын музыкалык маданияты менен жакын, тектеш келет.

«Музыка – сезимдин куту, адамдын жаны» деген канаттуу сөздөр абалтадан эле элибизде айтылып келген. Чынында эле, музыка - ар бир адамдын жан дүйнөсү жана көңүл куту. Ушундай адам жанына, сезим кутуна айланган музыканы ааламда кастарлабаган, анын сырдуу кайрыктарына толкундабаган, сырдашпаган, ой толгоолоруна чөмүлбөгөн, эргибеген эч бир жан жок десек жаңылышпайбыз.

Музыка дүйнөсү кайсы гана жерде, кандай гана убакта болбосун, бизди ар дайым коштоого алат да, сезимибизди курчутуп, албан-албан эмгектерге, элди-жерди сүйүүгө, бекем достукка чакырып, бак–таалайлуу турмушка, эркиндикке, тендикке жетелейт. Дүйнөдө музыкадай элге жетимдүү, өтүмдүү учкаяк өнөр жок. Ал көркөм адабияттай котормону талап кылбайт. Ошону менен катар жердин алыстыгын, элдин бөтөнчөлүгүн да талдабайт. Мына ошондуктан музыка жер жүзүндөгү элдердин орток тили болуп жашап келет.Ушундай орток тилдеги музыканын мазмуну сезим, эмоция, пейил аркылуу жаралат. Бул ойлор мурдатан эле атактуу композиторлор, аткаруучулар, ойчулдар тарабынан аныкталган.

Заманыбыздын улуу комузчусу Карамолдо Орозовдун ар бир күүсүнүн айтып болгус тарыхы болгон, ар бир чыгармасынын бай таржымалы бар. Мисалга,«Көңүлүм» деген күүсүндө элдин түркүн оюн, сезимин куунак көнүлүн берүүгө аракеттенген.

Эгерде ар кайсы доордо жаралган классикалык көркөм адабияттардагы музыка жөнүндө жазылган үзүндүлөргө, таасирленүүгө көз чаптырсак, автор өзүнүн айтайын деген музыкалык оюн сезим, эмоция, көңүл, аркылуу берүүгө аракеттенген. Буга мисалдарды дүйнөлүк адабияттын алптары И.Тургеневдин «Ырчылар», Л.Толстойдун «Согуш жана тынчтык», М.Горькийдин «Эне» деген чыгармаларынын бөлүмдөрүндө кездештирсек, ал эми кыргыз элинин алп жазуучулары К.Жантөшевдин “Каныбек”, Ч.Айтматовдун «Жаныбарым, Гүлсары», жазуучу К.Каимовдун «Атай», Ж.Бөкөнбаевдин «Комуз күүсү» аттуу чыгармаларынын айрым бөлүмдөрүндө да обондордун, күүлөрдүн кубаттуулугун сезим, эмоция, көңүл аркылуу берүүгө бир кыйла чыгармачылык аракеттерди жасашкан. Музыка, баарынан мурда, адамдардын сезим дүйнөсүндөгү эң зор таануугa, маныздуулукка жол ачат. Өзүнүн эмоционалдуу мазмунунан ажыраган музыка канаты жок куштай калк аралап учуудан, өнөр болуудан калат. Музыкада адамдын ички дүйнөсүнүн абалы скульптура, живопистей предметтүү сүрөттөлбөстөн, же адабияттагыдай образдар менен көрсөтүлбөстөн, эмоция, сезим, көңүл кыймылдары аркылуу ачылат. Ошол эмоция, элестерди жана ойлорду туудурат да, адамдын ички дүйнөсү назик жана эркин баяндалат. Көп тармактуу, ар жактуу искусствонун түрлөрүнүн ичинен музыка жалгыз гана добуштун кудурети менен жаралат. Ал физикалык добуштан

өзгөчө касиети, бөтөнчөлүгү менен айырмаланып, атайын музыкалык бийиктикке, ырааттуулукка ээ болуп турат. Ал эми музыкалык тилдин ачык-айкындык добушунда табигый интонация бар. Анын ачыктыгы болсо тигил же бул чыгарманын эң негизги өзөгү обондо пайда болот. Ал ар кандай каражатта, көбүнчө бир үндү алып жүрүү менен курулат. Айрым учурда кээ бир чыгармалар бүтүндөй бир обондо түзүлөт. Андай көрүнүштөрдү көбүнесе элдик ырлардан, кылдуу, үйлөмө аспаптарга жазылган чыгармалардан жолуктурабыз. Мындай учурда музыкалык образдар обондо гана эмес, ошондой эле татаал ар жактуу музыкалык түзүлүштөрдө да чечилет.

Ар бир музыкалык чыгарма өзүнүн жанрдык өзгөчөлүгүнө, мазмунуна жараша ар кандай мүнөздө, түркүн жүрүштө, кайсы аспапка же оркестрге же хорго арналып чыгарылса, ошонун тембрине, түсүнө, күчүнө ылайыкталып жазылат. Комуз, скрипка, фортепиано жана башка музыкалык аспаптар түрү, көлөмү, добушу жагынан бири-бирине таптакыр окшошбойт. Ошондой эле бул аспаптар үчүн жазылган чыгармаларда күүлөнүшү, диапазону, добушунун кооздугу чыгарманын өзөгүн түзгөн обонду иштеп чыгуу жагынан да тектешпейт. Ар бир чыгармадагы музыкалык образдар, негизинен, чыгармалардын бөлүмдөрүндө өнүгүп иштелип чыгат. Атактуу композиторлор Бетховен, Глинка, Шопен, Чайковскийдин чыгармалары жалаң гана сезимге эмес, адамдардын дүйнөнү таануусуна да күчтүү таасир эткен. Ушундай эле күчтүү таасирлерди кыргыздын акын-комузчулары Токтогул, Мураталы, Карамолдонун күүлөрүнөн да алууга болот.

Назиктүүлүктүн дүйнөсү болгон музыкадан адамдын кептик интонациясына окшош обондордун интонациясын, түрдүү жанрдагы чыгармалардын жүрүштөрүнөн турмуштагы ар түркүн кыймылдардын ритмин, үндөрдү тууроонун үлгүлөрүн жолуктурабыз. Аспаптык музыкада сөз катышпайт. Демек, сөз болбогондуктан, добуштарда тил менен айткандай түшүнүк берүү да жок. Ошондой болсо да аспаптык музыканын программалуу жана программасыз болуп бөлүнүшү анын ар жактуу жана көп кырдуу экенин далилдейт. Жөн сөзгө караганда, адамдын сезими музыканын каражатында күчтүү өнүккөн. Музыкалык жана кептик интонациянын тектештиги музыкалык чыгарманын көркөмдүгүн угуучуларга жеткиликтүү берүүдө эң негизги роль ойнойт. Байыркы философтор көркөм окууну музыканын өзгөчө тили деп эсептешкен. Музыка үндөрдү (добуштарды) тууроо аркылуу сүрөттөлөт. Композиторлордун, элдик шайырлардын ар түркүн жанрдагы чыгармаларынын маңызын байытып, көркөмдүгүн көрсөтүүдө сүрөттөө да башкы ролду ойногон. Алсак, үндөрдү тууроо атактуу чебер композиторлор И.Гайдндын «Жыл мезгилдери», Л.Бетховендин «Пасторалдык симфониясында» өтө чеберчиликте берилген. Бул чыгармаларда короздун кыйкырганы, чымчыктардын сайраганы, чагылгандын чартылдаганы жана башка үндөр так, даана тууралат. Ал эми орус классик композиторлорунун ичинен үндү тууроо, өзгөчө, Римский-Корсаковдун «Снегурочка» операсында эң чебер устаттыкта чечилген.

Ошондой эле кыргыздын элдик аспаптык музыкасынын негиз салуучулары, комузчулардын, кыл кыякчылардын, темир комузчулардын, сурнайчылардын чыгармаларында да адамдардын, жан-жаныбарлардын, канаттуулардын жана башкалардын үндөрүн тууроо кеңири өнүккөн. Ошолор аркылуу өнөрпоздор угармандарда ой туудуруп, ар кандай элестерди пайда кылган.

Элибиздин музыкалык маданиятынын энциклопедиясы аталган комуз күүлөрүнүн бир кыйласы үндөрдү туурап чертүү менен аткарылат. Айрым күүлөрдүн эң ириси «Сары барпыда» балапандарын жыландан аман сактап калуу үчүн чымчыктын чыйпыйы чыга чыркыраганы, «Ак тамак, Көк тамакта» эки чымчыктын жердин сулуулугун талашып кайымдаша сайрашканы, «Куу ингенде» ботосу өлгөн төөнүн көз жашын көлдөй төгүп, буркурап боздогону тууралуу чертилет. Бул жерде комуз өзүнүн табигый мүмкүнчүлүгүнө, мүнөзүнө, турпатына жараша үндү дал өзүндөй таптак туурабастан, сүрөттөө менен гана чектелет. Ал эми комузга жана жалпы эле улуттук башка аспаптарга караганда, кыл кыякта үндөрдү чертүү кеңири өнүккөн. Анткени кыл кыяктын добушу жаралгандан адамдын үнүнө, интонациясына эң жакын келген. Ошондуктан ал аспапта тартылган күүлөрдө ар кыл жаштагы адамдардын күлкүсү, ыйлоосу, кошогу, жоктоосу ж.б. үндөрү так тууралып чертилет. Ошону менен бирге жаныбарлардын, айбандардын кылык-жоруктарын, үндөрүн тууураган чыгармалар да аткарылат. Айрыкча, аттардын

кишенегени, карышкырлардын улуганы, кой –эчкилердин маараганы, уйлардын мөөрөгөнү, каз, өрдөк, ак куулардын каркылдаганы, булбул, күкүктөрдүн сайрагандары тууралат. Мисалы, «Тору кашка ат, кокуй» деген күүдө алдына ат салдырбаган кедейдин күлүгү тору кашка кезектеги чоң ат чабышта адаттагыдай эле биринчи келет. Бирок ал марага жетери менен эле мүрт жан берет. Ошондо кедейдин аялы менен кызы «атаны кокуй, тору кашка ат, кокуй» деп кошок кошушат.Ал эми «Ак токтуда» кембагалдын жалгыз токтусун карышкыр жеп кеткени сүрөттөлөт. Бул эки күүдө аялдын, кыздын, келиндин, чалдын үндөрү, тору кашка күлүктүн кишенегени, карышкырдын улуганы куду өзүндөй ар башкача тууралып тартылат.

Музыкада адамдардын, айбанаттардын, канаттуулардын ж.б. үндөрү гана эмес, алардын ар кандай кыймыл-аракеттеринин ритмдери да жай, ылдам, салмактуу, жайыраак, тез, бат өңдүү кыймылдар менен тууралып көрсөтүлөт. Булар менен бирге музыкада күчтөрдүн кээ бир абалдары: күчтүүлүк, алсыздык, кубаттануу да сүрөттөө ыкмасы менен чагылдырылат. Андай көрүнүштөрдү комуз жана кыл кыяк күүлөрүнөн да жолуктурабыз. Элдик аспаптык музыканын алтын фондусуна кирген «Кашка аргымак», «Буудан көк», «Байге», «Жүрүш күү», «Турумтай», «Коңур ала», «Ак куу» ж.б. күүлөрдөн турумтай менен ак куунун канат сермеген кыймылдарын туябыз. Комуз музыкасында сүрөттөөнүн элементтери бар экенин жана баарыдан да, музыкалык кыймылдар менен башка кыймылдардын ички жана тышкы жактарынын окшош экенин байкайбыз. Музыкалык образдар менен эмоциялуу байланыштардын аркасында музыка өзүнүн ар түрдүү ыкта түзүлгөн мазмунун жаратат.

Жогоруда биз белгилеп кеткендей, аспаптык музыка программалуу жана программасыз болуп бөлүнөт.

Белгилүү бир сюжетке атайын арналып, мазмунду көрсөтүп жазылган аспаптык чыгармаларды программалуу музыка дейбиз. Ал ар кандай жанрда, түрдүү мазмунда болот. Алсак, программалуулук жеке сюжеттин өзүнүн негизинде, адабий чыгармалардын мазмунунда, кээде чыгармалардын атында, айрым бөлүмдөрүнүн аталышында берилет. Ошондой эле программалуу чыгармалар тарыхый окуяларга, элдин жашоо-тиричилигине, пейзаждык көрүнүштөргө, элдик чыгармачылыктын кооз үлгүлөрүнө, ал турсун искусствонун башка түрлөрүнө да багышталып жаралат.

Орус элинин улуу композитору П.И.Чайковский «Франческа да Римини» аттуу симфониялык поэмасынын мазмунуна Дантенин «Божественная комедиясындагы» Паоло менен Франческанын тунук махабатын алып көрсөткөн. Автордун поэмасы программалуулугу, музыкасынын назиктиги, көркөм каражаттарынын молдугу менен угуучуларды кайта-кайта угууга куштарлантат. Бул чыгарманын мындай бийиктикке жетишине анын эмоциялуу мазмуну өбөлгө түзөт, шарттайт, анткени андагы түшүндүрмөнүн ар бири Дантенин баяндамасына эң эле жакын. Бул «эмоциялуу мазмун» аңгеменин өзү менен байланышканда гана толук ачылат. Ошондуктан П.Чайковскийдин симфониялык поэмасынын мазмуну музыкада программалуулук аркылуу гана толук ачылган. Дүйнөлүк музыкалык маданиятта пейзажды сүрттөөнүн күчү менен таңданткан чыгармалар да бар. Алардын маңызы программалуулук менен бириккенде гана ачылат.

Орус элинин улуу композиторлору Мусоргскийдин «Рассвет на Москве-реке», Бородиндин «В Средней Азии» деген чыгармалары табигатты сүрөттөө менен программалуулуктун айкалышынын натыйжасында элдин терең кадырлап сүйгөн чыгармаларына айланган.

Кыргыз элинин музыкасынын көпчүлүгү да программалуу келет. Ошондуктан элдик музыкабызга кайрылган окумуштуулар «Программалуулук - кыргыз музыкасынын жаны» деген ойлорду туура айтышкан. Программалуулук комуз, кыл кыяк күүлөрүндө кеңири жана күчтүү өнүккөн. Бул аспаптарда чертилген жана тартылган күүлөр, негизинен, элибиздин өткөндөгү арманын,сүйүүсүн, эрдигин, эмгегин, кубанычын баяндайт. Алсак, «Ботойдо» ботосу өлгөн төөнүн, «Көкөй кестиде» адилетсиз доордо өмүрлүк жарына жетпей калган Капалдын арманы, «Койчулардын коңур күүсүндө» жайы-кышы кой артында жүргөн койчумандын өткөн замандагы тарткан азабы, көргөн кордугу баяндалат.

Программалуу чыгармалар өзүнүн түпкү жаралышында эле өз алдынча сюжетке негизделип, Карамолдонун «Сынган Бугусундай» мүнөзгө ээ же элдик эпостордон

«Сарынжы-Бөкөй», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу чыгармалар түзөт. Программалуулук тарыхый окуяларда да орун алат мисалы Д. Шостаковичтин 7-симфониясында, Ы.Тумановдун «Балдары баатыр элимдин» деген күүсүндө Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы элдин эрдиги баяндалат. Эгерде бизге ар кандай жанрдагы музыкалык чыгармалардын мазмуну күн мурунтан белгилүү болсо, аны ар тараптан терең түшүнүүгө, кумарлануу менен сүйүп угууга , терең сезип билүүгө жол ачылат. Мындан биз музыканын кубаттуулугун, анын дүйнөнү таануудагы улуу күч экендигин баамдайбыз.

Дүйнөлүк адабияттын кенчине айланган А.С.Пушкиндин «Евгений Онегини» П.Чайковскийдин музыкасынын күчү менен бардык элдердин сүйүктүү чыгармасына айланган. Ал эми кыргыз элинин поэзиясынын океаны «Манас» эпосунун негизинде жазылган В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференин «Айчүрөк», «Манасы» да музыканын назиктиги, көркөм күчү, эрктүүлүгү аркасында көп улуттуу угуучулардын куштарына татып келген. Бул чыгармалардын калк кастарына алынышында алардын программалуулугу зор роль ойногон. Ал эми программасыз музыка кандайдыр бир белгилүү сүрөткө же окуяларга гана багытталбастан, сезимди, көңүлдү эргитүүгө багыттайт. Алар да бир укканды таңданткан укмуштай касиеттери менен угуучуларды өзүнө тартат. Ошентип, ар кандай жанрдагы түркүн, (салтанаттуу, армандуу, шаңдуу, кайгылуу) чыгармалардан ар түрдүү сезим менен эмоцияны туябыз.

Сезим менен эмоция дүйнөсү өтө татаал жана ар тараптуу. Ошондой болсо да, ал экөө бири-бири менен өтө тыгыз байланышта ээрчишип өнүгүшөт. Башкача айтканда, көңүл эмоциянын негизинде жаралат да, өркүндөп өсөт. Ушундан улам биз музыкадагы дуйнөнү эмоция аркылуу тааныйбыз.

**Адабияттар:**

1. Алагушев Б., Койгелдиева Т., Турдумамбетова Ш. Кыргыз музыкасынын тарыхынан. - Фрунзе: Мектеп, 1989 .
2. Дүйшалиев К. Кыргыз эл музыкасы – Бишкек: Шам, 2007.
3. Дүйшалиев К. Кыргыз эл ырлары, термелери жана дастандары. - Бишкек, 2009.
4. Дүйшалиев К., Лузанова Е. Кыргызское музыкальное народное творчество. - Бишкек, 1999.
5. Кайбылдаев А. Күү баяны. - Бишкек, 2000.